КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (сегизинчи чакырылышы) V сессиясы**

**Токтом №01-5/ 31**

16.06. 2025-жыл

Сүлүктү шаары

**Шаардык ЖДПБнун ижарада жашап жаткан жаш дарыгерлерин муниципалдык үй менен камсыз кылуу жөнүндө**

Сүлүктү шаарынын ЖДПБнун 29. 05. 2025ж. № 01-7-113 сандагы шаардык ЖДПБнун 7 дарыгерине ижарада жашап жаткан үйлөрүнүн ижара акысынын төлөмүн төлөө же муниципалдык үй менен камсыз кылуу боюнча “Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча” туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34 беренесинин Кыргыз Республикасынын 12.01.2024ж. №14 “Кыргыз Репубиликасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” Мыйзамынын 9-беренесинин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын саламаттык сактоо тармагына жиберилген жаш медицина адистерин муниципалдык үй менен камсыз кылуу жана аларды күтүүгө жеңилдиктерди берүү боюнча тийиштүү чараларды көрүү жагы шаардын мэри Б.Ш. Абдыжапаровго милдеттендирилсин
2. Токтомдун аткарылуусун көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин “Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча” туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага: Б.А.Абдуназаров